ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

УДК 82.(575.2)

# КЫЗЫЛСУУЛУК КЫРГЫЗДАРДЫН БАСМА СЁЗ ЖАНА АДАБИЯТЫ

**АЛЫМЖАН АБДЫКЕРИМ**
*Шинжаъ, КЭР*
izvestiya@ktu.aknet.kg

*Макалада кызылсуу облусунда жашаган кыргыздар жёнщндё чакан маалымат берүү менен бирге, КЭР курулгандан берки кыргыздардын басма сөз жана адабиятынын өнүгүү абалы, жазуучу калемгерлеринин чыгармачылыгы жана эки мамлекеттеги кыргыздардын адабий-маданый байланыштарын ёнщктурщщ жёнщндёгщ ой-толгоолор кыскача баяндалат.*

**Кириш сёз.** Кызылсуу кыргыз аптоном облусту 1955-жылы февраль айында КЭР ШУАР дын Артыш шаарында курулган. Ал Шинжаң Уйгур Аптоном районунун батышына жайгашкан болуп, Теңир тоонун түштүгү, Ку эн лунь тоосунун түндүгү, Тарым ойдуъдугунун батыш түндүгүнө жайгашат. Чыгышы Аксуу аймагынын Учтурпан, Келпин оодандары (райондору) менен, чыгыш түштүгү Кашкар аймагынын Маралбашы, Пейзабат, Йопурга, Жаңысар, Каргалык оодандары менен, батыш түштүгү Кашкар аймагынын Ташкоргон ооданы менен коңшулашып, түндүгү менен батышы Кыргыз республикасы жана Тажикистан мамлекеттери менен чектешип турат. Чыгышынан батышына чейинки узундугу 500 километир, түштүгүнөн түндүгүнө чейинки узундугу 140 километир келет. Жер түзүлүшү батыш түндүгү бийик, чыгыш түштүгү жапыс келет, деңиз деңгээлинен бийиктиги 1197-7719 метир болуп, орточо деңиз деңгээлинен бийиктиги 3000 метирден ашат. Тоолу аймактардын ээлеген жер көлөмү 90% ды түзөт.

Кызылсуу кыргыз аптоном облусу, Артыш шаары, Акчий ооданы, Улуучат ооданы, Актоо ооданына, жалпы 32 айылга бөлүнгөн. Кыргыз, Уйгур, Ханзу(Кытай), Тажик, Дуңган, Ёзбек, Казак, Манжу, Моңгул, Шибе, Татар сыйактуу 11 улут жашайт. Кызылсуу кыргыз аптоном облусунун жер көлөмү 72500 чарчы километир, жалпы жан саны 468100 адам (2004-жыл), анын ичинде кыргыздардын жан саны 133886 адам болуп, жалпы жан санынын 30% түзөт.

1954-жылы Кызылсуу кыргыз аптоном областы курулуп, башка улуттар сыйактуу саясат, маданийат, экономика жактарынан колдоого алынды. Ушундан улам Жунго (Кытай) кыргыздарынын улуттук адабий тилге көтөрүлгөн араб алфабити негизиндеги кыргыз жазуусун колдонуу боюнча, өкүмөт жагынан бирдей токтом кабыл алынып, 1957-жылы «Кызылсуу гезити» жарык көрүшү себептүү, арты-артынан курулган «Шинжаң эл басмасы кыргыз редаксыйасы», «Шинжаң агартуу басмасы кыргызча окуулук түзүү редаксыйасы» сыйактуу кыргыз бёлщмдёрдщн жумуш жергүзүшү менен «Алгы ырлар жыйнагы», «Кыргыз алыпбеси» өңдүү китептердин басылып чыгышы, жаңы доордогу кыргыз басма сөз, адабийатынын башаты болуп калгандыгын тарых ырастап турат. Бул макалада кыргыз адабый чыгармачылыгына байланыштуу мазмундар жана ой-пикирлер кыскача баяндалат.

**Кызылсуу гезити** 1957-жылы январда жарык көруп, кирилица тамгасындагы кыргыз жазуусунда басылган. Тёрт басма табак кёлёмщндё аптасына бир жолу чыгарылып, 1958-жылы июльда, араб жазуусундагы кыргыз жазуусуна өзгөртүлгөн. 1960-жылы ошол учурдагы солчул сайасаттын таасиринде басылуусу токтоп, 1979-жылы декабырда кыргыз жазуу калыбына келтирилгенде 4 басма табакта аптасына үч сан сынак иретинде чыгарылып, 1980-жылы калыптуу басылып таратылган. 1984-жылы августта “Кызылсуу гезити” аптасына эки сан чыгарылган. “Кызылсуу гезити” 1957-жылы жарык көргөндөн бери почто аркылуу жазылып, таратуу жумушу жүргүзүлгөн. 1957-жылы гезит жаңыдан чыкканда 1000 тыражда таратылса, 1981-жылы 2035 тыражда, 2000-жылы 2314 тыражда, 2009-жылы 4200 тыражда таратылган.

**Басма иштери.** Кызылсуу кыргыздарынын басма иштери кыргыз жазуусун керектөөдөн улам өнүгүп- өскөн. 1956-жылы Шинжаң эл басмасында кыргыз редаксиясы курулуп, кыргыз тилиндеги китептерди; башталгыч мектеп окуулуктары, саясый, адабият-көркөм өнөргө байланышкан китептер чыга баштаган. 1957-жылы кыргыз акындарынын жыйнагы “Алгы ырлар” жыйнагын чыгарган. 1980-жылдан тартып кыргыз тилиндеги окуулук китептерди аптоном райондук агартуу басмасы кыргыз бөлүмү чыгарса, саясый, адабият, тарыхка байланышкан китептерди Шинжаң эл басмасынын кыргыз редаксыйасы менен кызылсуу кыргыз басмасы бөлүшүп чыгара баштаган. Шинжаң эл басмасы кыргыз редаксыйасы 1956-жылдан 1996 - жылга чейинки аралыкта ар түрдөгү 100 дөн ашуун китеп чыгарган болуп, жалпы тыражы 113300 барчадан ашуун келет.

1982-жылы апрельде Кызылсуу кыргыз басмасы курулуп, 1983-жылдан баштап түрдүү мазмундагы китептерди чыгара баштаган. 1982-жылдан 2002-жылга чейин болгон 20 жыл

аралыгында кызылсуу кыргыз басмасынан жарык көргөн кыргызча, Ханзуча китептердин түрү ... тен ашып, тыражы 500 миң нускадан арткан.

**Кызылсуу адабияты журналы.** Бул журналдын алгачкы 1-саны 1979-жылы июль айында чакан көлөмдө шифагирафта басылып чыккан. 1986-жылы «Керме тоо»деген ат менен жаңыча нускада чыгып, 1992-жылы кайрадан «Кызылсуу адабийатына» көчүп, мезгилдик журнал катары бүгүнгө дейре 76 сан жарык көрдү. 2000-жыл 1-сандан баштап түссүз мукабадан, түстүү мукабага, 64 беттен 96 бетке көбөйтүлдү. Тыражы 2000 болуп, аптоном район ичинде чакан көлөмдө таратылат.

«Кызылсуу адабияты» калың окурмандарынын адабият-маданияттык таанымынын кеңиришин эске алып, дүйнөлүк киласситердин чыгармаларын жана Кыргызыстандын белгилүү калемгерлеринен Чыңгыз Айтматов, Түгөлбай Сыдыкбеков, Асанбек Стамов, Алыкул Осмонов, Турар Кожембердиев, Жолон Мамытов, Байдылда Сарнагоев, Эсенгул Ибраев, Султан Раев, Абдылдажан Акматалиев, Шайлообек Дүйшекеев, Эгемберди Эрматовдордун чыгармаларын жарыйалап, окурмандар жагынан сүйүп окулганын айта кетмекбиз .

**Шинжаң кыргыз адабийаты журналы.** Бул журнал 1981-жылы июль айында жогорунун колдоого алуусу менен, Шинжаң Уйгур аптоном районунун баш калаасы Урүмчү шаарында жарык көргөн мамлекетте даражалуу журнал. Алгач жарык көргөндө 96 беттүү мезгилдүү адабий журнал болсо, 1984-жылдан 1991-жылга дейре 64 беттүү кош айлык журналга өзгөртүлүп, 1992-жылдан бери 96 бет көлөмдө чыгарылып келет. тыражы 3500 болуп, кызылсууну негиз кылып, Шинжаңдын жер-жерлерине тарайт.

**Тил жана котормо журналы.** Кыргыз жазуусундагы бул журнал, тил-жазуу иштеринин өнүгүүсүнө өбөлгө түзүү максатында чыгарылган өлкө даражалуу кесиптик журнал болуп, алгачкы саны жарык көргөн 1985-жылдан бүгүнгө дейре 98 сан жарык көрүп, 100 сандыгын утурлап жатат. журнал 64 бетте мезгилдүү ченде 2300 дөн ашуун тыражда тарайт. 2008-жылдан бери түстүү мукабада басылып келет.

**Адабий чыгармачылык.** Кызылсуудагы кыргыздардын адабий чыгармачылыгы мамлекет эгемен болгондон кийин өнүгүп өсүүгө жетишти. Кызылсуу гезитинин, Тоо гүлү бетинин кыргыз жазуучу калемгерлерине жаңы жайыт ачып берсе, 80-жылдарден баштарында аты-артынан жарык көргөн "Кызылсуу адабийаты", "Шинжаң кыргыз адабийаты" журналдарында алгы муун, экинчи, үчүнчү урпак калемгерлер кошууну түптөлүп, кыргыз адабияттын мезгил талабына жараша өнүктүрүүгө күч жумшап, белгилүү ийгиликтерге жетишти.

Биринчи урпак калемгерлердин өкүлү болгон Абдыкадыр Токторов 20-кылымдын 30-жылдары жазган "Кыздын тагдыры" дырамасы 30-жылдары Кашкар сахналарында ойнолгон, Качкын, Турмушка ашкан ой-тилек, Бейжинге кайра келгенде чыгармалары менен белгилүү болгон калемгер 80-жылдары жазган Акылай кино сынарыйасы 1984-жылы Теьир-тоо кино студиясы жагынан тасмага түшүрүлүп, Жуңго кыргыздарында тунгуч тартылган Муз тоо етегинде филими болуп калды.

Алгы муун акын Амантур Байзак Ёмүр жолу ырлар жыйнагын 1984-жылы кызылсуу кыргыз басмасынан чыгарып, жеке ыр жыйнак чыгарууда үлгү болот. Мекен меери, Жайлоо ыры, Таң жели ырлар жыйнагынын ээси Оргалча Кыдырбай 1989-жылы Мамлекеттик аз улут жазуучуларынын адабий чыгармачылыгы бойунча өзгөчө сыйлыкка татыктуу болуп, 2005-жылы эки томдуу тарыхы роман Моголыстан токойлорунун арстандары романын басмадан чыгарат. улуу муун жазуучу Сакен Ёмүрдүн Таң алдында, Шаңдуу жол романы, Керме тоо өрөөнүндө, Сыймык аңгеме повестер жыйнагы арты-артынан жарык көрүп, Сандар купуясы аңгемеси автоном район бойунча озот балдар адабийаты сыйлыгын, Тойдон кийин аңгемеси 30 жылдан берки аз сандуу улут озот адабийат сыйлыгын алат. 60-жылдары дүйнөлүк жаштар курултайына катышкан акын Ошур Мамбет Муз тоо ата, Кубаныштуу өспүрүм чыгармалары менен аптоном район бойунча аз улут жазуучуларынын 30 жылдык чыгармаларын баалоодо 2-даражадагы сыйлыкка, Балалык кщндөр чыгармасы Шинжаң бойунча аз улут балдар адабийатын баалоодо 1-даражадагы сыйлыкка кол жеткирет. Акын, жазуучу Момун Турду Белек ырлар жыйнагын, Тагдыр жолу, Турмуштагы чуулган (эки бөлүк) романын, Капан ууру кино сценарыялар жыйнагын басмадан чыгарса, акын, жазуучу Турсун Мырза Жүрөк тоо ырлар жыйнагын, Бүркүт, Алтын кол, Сырлуу түйүн сыяктуу аңгемелери менен белгилүү болуп, Базмырт түркүк аңгемеси менен Шинжаң бойунча аз улут калемгерлеринин 30 жылдык адабий чыгармаларын баалоодо 3-даражадагы сыйлыкка кол жеткирет. Акын Мамбетасан Эрги акын жүрөгү, Табылгы ырлар жыйнагын, дырамматорг Жумакун Мамбет Кыз бир, кырдар Кэки дырамалар жыйнагын, жазуучу Зунун Темир Алтын сөйкө, Турсун Жумалы Мерген аңгеме-повеситтер жыйнаген, акын Мырзакмат Мукаш Тамыр, Жашоодогу из ыр дастандар жыйнагын, акын Жеңиш Ыбрай Чепсиз ой, Тулпар изи, Кыргыз көчү ырлар жыйнагын чыгарышат. акын жазуучу Абдыракман Ысмайыл Көк дөбө ырлар жыйнагын, Күндүн балдары аңгемелер жыйнагын, Көк жеек, Ыйман, Рух романдарын, акын, сынчы

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

Мамбеттурду Мамбетакун Жүрөгүм ырлар жыйнагын, Ёзүбүздү унутбайлы сын макала жыйнагын басмадан чыгарат. Айрыкча 90-жылдардан бери чыгармачылыкта кызуулук байкалып, калеми бышкан калемгерлер арты-артынан китеп чегара баштайт. Бүгүнгө дейре кыргыз адабийатында 11 роман, 40 дан ашуун ырлар жыйнагы, 50 дөн ашуун аңгеме-повест, акбарат адабияты, тезкире, эргиме,сын-жыйнактары басмадан чыгат. Жазуучу Сакен Ёмүрдүн Менин мекеним, Абдыракман Ысмайылдын Ак саамай китептери мамлекеттик 7-кезектик Тулпар адабийат сыйлыгына татыктуу болсо, акын Тилебалды Карымшак менен Мамбеттурду Мамбетакун аптоном район бойунча жаш жазуучулардын ичинен өзгөчө салым сыйлыгына татыктуу болот. Бурканбек Качыбайдын ырлуу романы Айдай, Теңир тоо сыйлыгына кол жеткирет. Орозалы Кашкарбай Бир кыздын каттары, Кандуу жаш, Адам арча жыйнактарын чыгарып, жаштардын алкоосуна ээ болот.

**Кыргыз тилинде Шинжаң эл басмасынан жарык көргөн романдар:**

Момун Турду Тагдыр жолу(1992.5), Сакен Ёмүр Таң алдында(1993.4), Амантур Жүсүбакун Каргаша(1994.7), Абдыракман Ысмайыл Көк жеек(1995.5), Момун Турду Турмуштагы чуулган (1996.2), Абдыракман Ысмайыл. Рух(2001), Сакен Ёмүр Шаңдуу жол (2004.7), Турганбай Кылычбек Булуттар каалгыйт (2006.5), Абдыракман Ысмайыл Ыйман (Кызылсуу кыргыз басмасы,1998),Бурканбек Качыбай Айдай (Кызылсуукыргызбасмасы,(2005) Оргал- ча Кыдырбай Моголыстан токойлорунун арстандары (Кызылсуу кыргыз басмасы, 2007.4). Момун Турдунун Тагдыр жолу романы жарыяланган убакыт жагынан Жоңго кыргыз романчылыгынын башаты деп айтууга болот. кыргыз илимпоздорунун Маданийат көңтөрүшү мезгилиндеги оомал-төкмөлүү тагдыры байандалган бул роман, адабиятыбызга роман жанырын алып кирген болсо, Бурканбек Качыбайдын Айдай романы кыргыз жылкысынын символу болгон Айдай аттуу күлүктүн баянын ыр тили менен көркөм байандап, кыргыз адабийатында жаъыча жаныр эсептелген ырлуу романды катарга кошту. Оркалча Кыдырбайдын Моголыстан токойлорунун арыстандары аттуу эки бөлүктүү тарыхы романда орто кылымдан кийинки Жеркен сейидилер падышалыгынын алды-артындагы кыргыз коомчулугу тарыхы материялдар негизинде көркөм байандалып, тарыхы романчылыкка негиз салды. Жазуучу Сакен Ёмүр, Турганбай Кылычбектер бир кыйла мурда чыгармачылыкка киришип, роман чыгармачылыгында алгылыктуу тажрыйбаларды жыйнаганын айтсак, жазуучу Абдыракман Ысмайыл кыска убакытта үч романдын ээси болуп, кыргыз романчылыгынын сандан сапатка карай бет алганын иш жүзүндүк аракети менен ырастады. Ырысбек Абыкан, Турганбай Кылычбек, Сакен Ёмүр, Абдыракман Ысмайыл, Амантур Абдырасул, Турсун Жумалы, Токтокан Арманобва, Толкун Ади, Абдысалам Эемет (чалкар) дын прозалык чыгармалары, Амантур Байзак, Оргалча Кыдырбай, Сейпидин Кылычбек, Бекен Жумалы, Асанбай Матили, Жумакадыр Жакып, Жеңиш Ыбрай, Жаанбай Асаналы, Ысмайыл Мамбетакун, Момун Абдыкадыр, Кемел Насирдин, Тилебалды Карымшак, Сыйар Кален, Орозалы Кашкарбай, Кайрат Кадыркулдардын пойезиялары, Мамбеттурду Мамбетакун, Токтосун Асанбек, Сайыпбек Аалылардын сындары окурмандарды өзүнө тартып, окурмандардын ой-пикир кеңдигин ачып, эстетик чаңкоосун кандырды. Турмуштагы ак-каралык, сулуулук менен одонолук ачып берилген чыгармалардан бөлөк, адабияттагы актуал темалардан болгон экология маселелери да нукура улуттук түсү менен туйунтулду. Аял калемгерлерден Алыйма Садык, Гүлайым Матили, Калыйпа Садык, Саадат Жамал, Жумагүл Абдылда, Турнакан Турдубек, Токтокан арманова сыяктуулар жеке жыйнак чыгарууга жетишип, проза, поэзия, эргиме жанырында үзүрлүү эмгектенип келишет.

1999-жылдан бери аптоном район бойунча уйумдаштырылган Шинжаң казак-кыргыз адабийаты Дулдул сыйлыгына кыргыз калемгерлеринен Оркалча Кыдырбай, Муса Абдырай, Токтонур Абдылда, Ысмайыл Мамбетакун, Алыйма Садык, Тилебалды Карымшак, Сыйар Кален, Кайрат Кадыркул, Зунун Темир сыйактуу 10 канча акын-жазуучунун кол жеткириши жана 2002-жылы Акчий ооданында акын Ысмайыл Мамбетакундун чыгармачылык талкуу жыйыны, 2003-вылы акын, драмматорг Жумакун Мамбеттин чыгармачылык талкуу жыйыны, 2004-жылы артыш шаары, каражүл айылында жазуучу Сакен Ёмүрдүн чыгармачылык талкуу жыйыны, 2005-жылы учтурпан ооданынын жамансуу кыргыз улуттук айылында акын Жеңиш Ыбрайдын чыгармачылык талкуу жыйыны, 2006-жылы үрүмчүдө акын Жакыбалы Баялиев чыгармачылык талкуу жыйынынын өткөрүлүүсү кыргыз адабий чыгармачылыгынын бышып, мөмө бере баштагандыгынын белгиси катары каралмакчы.

**Эки мамлекеттеги кыргыздардын адабий-мадааный байланыштарын ёнщктурщщ жёнщндёгщ ой-толгоолор.** 1. Кызылсуулук кыргыздардын эл ооз эки адабияты мол. Залкар манасчы Жусуп Мамайдын сегиз бөлүктүү, 16 томдон турган Манас барийанты баштаган элдик адабият мурастары басмадан чыкты, Манастын бардыгы Кытайчагада которулуп бщтщп, эми басмадан чыгуу алдында. Манас эпосубуз дүйнөлүк заттык эмес маданий мурастар тизмесине сунушталып жаткан бүгүнкү күндө, эки мамлекеттин биргелешкен кызматташтыгын, эки мамлекеттеги манасчыларды салыштырып изилдөөнүн зарылдыгын шарттап турат.

ABBYY PDF Transformer 2.0
Click here to buy
www.ABBYY.com
ABBYY PDF Transformer 2.0
Click here to buy
www.ABBYY.com

2. Кызылсуулук кыргыздар арасында үркүн жөнүндөгү жомоктор бүгүнгө дейре айтыл… жүрөт. Щркүндө келендердин сапар издери, алардын жердешип калган бала-бакыралары бар. Эки мамлекеттеги калемгерлер көмөктөшүп, тарыхы издер, тарыхы окуялар негизинде көркөм чыгарма, көркөм сынарийа жазышып чыкса.

3. 20-кылымдын 80-жылдары кызылсуудагы басма-сөз орундары эл аралык почта аркылуу <<ала-тоо>>журналы, <<кыргызыстан маданияты>> гезитине жазылышкан, кийинче ал жол үзүлүп калган эле, быйыл <<тил жана котормо>> журналы ошол жолду улап, кыргызстан жазуусундагы <<тил жана котормо>>нун арналуу санын таратып, эки мамлекет ортосундагы маданий байланышка данакер болуп турат. Ушул жолду улаган адабий-маданий байланыштар кеңиртилсе.

4. Дүйнөлүк алп жазуучу Айтматовдун көркөм дөөлөттөрү биздин мамлекетте Ханзу, Уйгур, Казак, Кыргыз тилдеринде байма-бай басылып, канчалаган илимий изилдөө макалалары жазылган, аларды которуп басмадан чыгарып, Айтматов таануу Фондуна койсок.

5. Эки мамлекеттин маданият министирликтери кеъешип, кыргызыстан жазуучулар коому зийарат тобун жиберип, адабий чыгармачылык байланыш тажрийбасын кеңиритсе, деген сунуш пикиримди айтмакмын.

**Корутунду.** Кызылсуулук кыргыздардын тил, адабият, басма жагындагы жетишендиктерин тааныштыруу, кыргыз улутунун адабиятына кошкон салымын изилдёёнщн бир тщрщ болуп эсептелет. Эки мамлекеттеги кыргыздардын тил-адабият, маданият, илим-техника жагындагы ёз-ара тажрыйба алмаштырууну кщчётщщ, озот жактарын ёз-ара щйрёнщщ, залкар жазуучулардын чыгармаларын жан-жактылуу изилдеп, коомдун талабына шайкешкен жаъы чыгармаларды жаратуу азыркы учур доорунун талабы болуп калды.

Кызылсуулук кыргыздардын адабия-тынын келечегине кайрылганда Жуңго-Кыргызыстан эки мамлекет ортосундагы маданий карым-каттоонун байсалдуу өнүгүүсүнө ээрчий жасалар жумуштун али көптүгүн, коомчулука эскерте кетмекмин.

**Адабияттар**

1. Жуңго кыргыз энциклопедиясы, (кытайча), Шинжаъ эл басмасы 1998.4
2. Шинжаңдын 50 жылы, (ханзуча), Жуңго истастика басмасы, бейжин: 2005.8
3. Кызылсуу адабийаты, 2002, №3(3-сан) жана 2009, №1.
4. Ч.Айтматов: Маңкурт байаны, (Кылым карытаар бир күндөн үзүндү. Кызылсуу адабийаты, 1998-жыл №1. Кассандыра тамгасынан үзүндү. Кызылсуу адабийаты, 2000-жыл №1.
5. Абдылдажан Акматалиев: «Манас» айтматовдун дүйнөсүндө «Кызылсуу» адабийаты, 1998, №4, Айтматов космосу-адам жана аалам, Кызылсуу адабийаты 2000, №1. Аалам, адам жана жаабарс, Кызылсуу адабийаты 2008-жыл №3, №4.
6. Султан Раев: Сосрейализим, Кызылсуу адабийаты 1999, №1
7. Шайлообек Дүйшеев: Щкөй, Кызылсуу адабийаты, 1997, №3.
8. Байдылда Сарнагоев, Есенгул Ибрайев. Мидинге кат, Мидинден кат, Кызылсуу адабийаты, 1997, №4.
9. Эгемберди Ерматов:Махабат саптары, Кызылсуу адабийаты1999, № 3.
10. Шинжаң кыргыз адабийаты 2007-жыл 3-сан